КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезексиз V сессиясынын №30/5-9 ТОКТОМУ

**3-март, 2025-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарындагы А.Алдашукуров көчөсү №55, 55а, 55б, 55в дарегиндеги жалпы аянты 6.3018 га жер участогунун 3.5 га участогуна мектеп жана бала бакча куруу үчүн К-2 аймагынан С-2 аймагына жана 2.8018 га жер участогуна Мамлекеттик ипотекалык компаниясы тарабынан көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу үчүн К-2 аймагынан Ж-4 аймагына которууга макулдук жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 79-беренесинин 1-3-пункттарына ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 07.02.2025-жылдагы №01-19/437 сандуу катынын жана 03.03.2025-жылдагы №01-19/691 сандуу Талас шаардык Архитектура башкармалыгынын корутундусунун негизинде, Талас шаардык кенешинин "Өнөр жай, коммуналдык чарба, курулуш, ишкердикти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаарындагы А.Алдашукуров көчөсү №55, 55а, 55б, 55в дарегиндеги жалпы аянты 6.3018 га жер участогунун 3.5 га участогуна мектеп жана бала бакча куруу үчүн, К-2 аймагынан С-2 аймагына жана 2.8018 га жер участогуна Мамлекеттик ипотекалык компаниясы тарабынан көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу үчүн К-2 аймагынан Ж-4 аймагына которууга макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүү Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин катчы-иш кагаздарын алып баруучусуна (Кудайбергенова. Г.О.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Өнөр жай, коммуналдык чарба, курулуш, ишкердикти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Турсалиев У.К.) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**